# Чатуни жана жоголуп кеткен мыймый



Автор: Прасади Шашимали

Сүрөтчү: Эранди Аннуттара

Которгон: Айгуль Джунушалиева

# Чатуни жана жоголуп кеткен мыймый

Автор: Прасади Шашимали
Сүротчү: Эранди Аннуттара
Которгон: Айгуль Джунушалиева

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. авторлук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Чатуни жана жоголуп кеткен мыймый" (кыргыз тилинде), Айгуль Джунушалиева тарабынан которулуп адаптацияланган. *Chathuni and the Lost Kitten* (англисче) чыгарманын негизинде, автору Prasadi Shashimali жана сүрөтчүсү Erandi Annuttara. ©The Asia Foundation - Let’s Read, тарабынан 2022-жылы CC-BY-NC-4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://www.letsreadasia.org/book/chathuni-and-the-lost-kitten?bookLang=4846240843956224

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom




“Мыёо, мыёо”, – мыймый ыйлап жатты. Чатуни эки жагын карады. Ал кагаз кайыктын жанынан мыймыйды көрдү.“

Байкуш!” – деп кыйкырып жиберди Чатуни.

“Мыймый үшүп калды го”, – деп ойлоду Чатуни.

“Мен мыймыйды үйгө алып киргизишим керекпи? Мен эмне кылам?”, – ал ойлонуп калды.






Чатуни үйгө кирип, кол чатыр менен чыкты. Ал жамгырга чыгып, мышыкты үйгө алып келди.

Мыймый абдан суу болчу.

“О, жок, ал титиреп жатат!”, – деди Чатуни.

Чатуни мыймыйды сүлгү менен кургатты.





Мыёо, мыёо. О жок, мыймый ыйлап жатат.

“Мыймый ачка болсо керек”, – деп ойлоду Чатуни. Ал бир аз сүт куюп, мыймыйга берди.

Бирок...





Мыймый сүттү караган да жок. Ал мурдагыдай ыйлай берди.
Чатуни капа болду.

Ал күрүч менен балыкты аралаштырып, тамакты мышыктын жанына койду.





Мыймый тамакты карабастан ыйлай берди.


“Эми эмне кылышым керек?”, – Чатуни ойлонуп калды.

Чатуни айланасын карады.

“Ааа…”, эмне болгонун түшүнгөн Чатуни кыйкырып жиберди.

Ал мышыкты сыртка алып чыгып, апасынын жанына кылдаттык менен койду.





Мыймый апасын кучактап, сүт эме баштады.

Акыры ал ыйлаганын токтотту!

Мышык апа “рахмат!” дегенсип, Чатуниге карады. Чатуни бактылуу болду.



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Прасади Шашимали
Сүрөтчү: Эранди Аннуттара
Которгон: Айгуль Джунушалиева

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли